# Улуттук банктын ноталары
*(2014-жылдын январь айы)*

**1-график. Улуттук банктын ноталарына суроо-талап жана аларды жайгаштыруу**




Улуттук банктын ноталарынын январь айында өткөрүлгөн төрт аукциондо эмиссиянын жарыяланган көлөмү 9,5 млрд. сомду түзгөн, бул өткөн айдын ушул эле көрсөткүчүнөн 25,0 пайызга жогору.

Суроо-талаптын аукциондо[1] белгиленген орточо көлөмү 33,0 пайызга көбөйүп, 2,4 млрд. сомду түзгөн. Кароого алынып жаткан мезгил ичинде сатуулардын көлөмү жүгүртүү мөөнөтү 7 жана 28 күндүк ноталар менен берилген, алардын көпчүлүк бөлүгү үч коммерциялык банк тарабынан сатуулардын түзүмүндө 76,2 пайыз жалпы үлүшү менен сатылып алынган. Кароого алынып жаткан мезгил ичинде сатуулардын аукциондо белгиленген орточо көлөмү өткөн айдын көрсөткүчтөрүнө салыштырмалуу 70,5 пайызга көбөйүү менен, 2,0 млрд. сомду түзгөн.

Улуттук банктын ноталарынын жалпы орточо салмактанып алынган кирешелүүлүгү өткөн айдын ушул эле көрсөткүчтөрүнө салыштырмалуу 3,5 пайызды түзүү менен 0,5 пайыздык пунктка төмөндөгөн. Жүгүртүү мөөнөтү 7 күндүк ноталар боюнча кирешелүүлүк 2,1 пайызды (-0,5 пайыздык пунктту), 28 күндүк ноталар боюнча – 4,1 пайызды (-0,1 пайыздык пунктту) түзгөн.

**2-график. Улуттук банктын ноталар боюнча суроо-талаптын, сатуунун көлөмүнүн жана кирешелүүлүгүнүн динамикасы**




[1] Бул көрсөткүч ай ичинде суроо-талап/сунуштун жалпы көлөмүнүн ордуна пайдаланылат, анткени ай ичинде өткөрүлгөн аукциондордун саны туруксуз чоңдук болуп саналат.

Кароого алынып жаткан мезгил аралыгында жүгүртүүдөгү ноталардын көлөмү 6,2 млрд. сом деңгээлинде түптөлүү менен, 6,1 пайызга төмөндөгөн. 22,2 пайыз үлүшүнө ээ резидент-юридикалык жактардын (-49,3 пайыз) жана 0,3 пайыз үлүшүнө ээ институционалдык инвесторлордун (-17,1 пайыз) ноталарынын көлөмүнүн кыскарышынын алкагында төмөндөө болуп өткөн. Улуттук банктын ноталарынын негизги ээлик кылуучулардын бири болуп саналган коммерциялык банктардын салыштырма салмагы, тескерисинче, 58,6 пайыздан 77,5 пайызга чейин көбөйгөн. Жеке адамдар аукциондордо катышкан эмес.

**3-график. Улуттук банктын ноталары боюнча сатуунун динамикасы**




**1-таблица. Улуттук банктын ноталар кармоочулардын номиналдык нарк боюнча түзүмү**

*млн.сом*

| Датасы | Бардыгы болуп | Анын ичинде | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Комм.банктар | | Резидент юридик.жактар | | Резидент жеке адамдар | | Институт.инвестор. | |
| | | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак |
| 01.02.2013 | 3 379,5 | 3 316,9 | 98,1% | 40,6 | 1,2% | - | 0,0% | 22,0 | 0,7% |
| 01.03.2013 | 3 600,0 | 2 562,7 | 71,2% | 1 036,0 | 28,8% | 1,3 | 0,0% | - | 0,0% |
| 01.04.2013 | 3 673,1 | 2 019,8 | 55,0% | 1 653,3 | 45,0% | - | 0,0% | - | 0,0% |
| 01.05.2013 | 3 143,0 | 2 140,5 | 68,1% | 1 002,5 | 31,9% | - | 0,0% | - | 0,0% |
| 01.06.2013 | 3 073,0 | 1 811,0 | 58,9% | 1 262,0 | 41,1% | - | 0,0% | - | 0,0% |
| 01.07.2013 | 3 105,5 | 1 836,0 | 59,1% | 1 269,5 | 40,9% | - | 0,0% | - | 0,0% |
| 01.08.2013 | 2 680,6 | 960,5 | 35,8% | 1 636,1 | 61,0% | - | 0,0% | 84,0 | 3,1% |
| 01.09.2013 | 2 400,0 | 370,5 | 15,4% | 2 029,5 | 84,6% | - | 0,0% | - | 0,0% |
| 01.10.2013 | 2 720,0 | 1 098,6 | 40,4% | 1 621,4 | 59,6% | - | 0,0% | - | 0,0% |
| 01.11.2013 | 2 895,4 | 1 229,5 | 42,5% | 1 665,9 | 57,5% | - | 0,0% | - | 0,0% |
| 01.12.2013 | 3 959,0 | 2 152,6 | 54,4% | 1 806,4 | 45,6% | - | 0,0% | - | 0,0% |
| 01.01.2014 | 6 645,0 | 3 892,2 | 58,6% | 2 730,7 | 41,1% | 1,0 | 0,0% | 21,1 | 0,3% |
| 01.02.2014 | 6 240,5 | 4 838,1 | 77,5% | 1 384,9 | 22,2% | - | 0,0% | 17,5 | 0,3% |